ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Д 05. 22. 651 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК 517.968

МУСТАФАЕВА НАГИМА ТАИРОВНА

БИРИНЧИ ТҮРДӨГҮ ВОЛЬТЕРРАНЫН ИНТЕГРАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕРИН ЧЫГАРУУ ҮЧҮН РЕГУЛЯРИЗАЦИЯЛЫК-САНДЫК ЫКМАЛАР

01.01.02-дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдуу башкаруу

физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

Ош-2023

Диссертациялык иш Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин маалымат технологиялары жана программалоо кафедрасында аткарылган

Илимий жетекчи: **Каракеев Таалайбек Тултемирович,** физика-математика илимдеринин доктору, профессор**,** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Маалымат технологиялары жана программалоо кафедрасынын профессору

Расмий оппоненттер: **Сопуев Адахимжан,** физика-математика илимдеринин доктору, Ош мамлекеттик университетинин Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын профессору

Халилов Атахан Ташполотович, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Математика институтунун интегро-дифференциалдык теңдемелер теориясы лабораториясынын улук илимий кызматкери

Жетектөөчү мекеме: Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин математикалык жана компьютердик моделдөө кафедрасы. Дареги: Аль-Фараби 050040 Казахстан, Алматы, пр. Аль-Фараби, 71.

Диссертацияны коргоо 2024-жылдын «15» мартында, саат 14.30 да Ош мамлекеттик университетине жана Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетине караштуу техника илимдеринин доктору (кандидаты) жана физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 05.22.651 диссертациялык кеңешинин жыйынында өтөт.

Дареги: Кыргызстан, 723500, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331, ауд. 203.
Диссертациянын коргоосунун онлайн трансляциялоонун шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/052-pvt-luj-9ih

Диссертация менен Ош мамлекеттик университетинин, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин китепканаларынан жана www.oshsu.kg сайтынан таанышууга болот. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын сайтынан https://vak.kg/wp-admin/post.php?post=108174&action=edit таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 12-февралында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
ф.-м.и.к., доцент Бекешов Т.О.

ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Теманын актуалдуулугу. Математикалык биологиянын, серпилгүү теориясынын, жылуулуктар физикасынын жоон топ класстагы маселелеринин математикалык моделин жеке туундулуу дифференциалдык теңдемелер үчүн тескери жана локалдуу эмес четтик маселелер түзүшөт. Өзгөчө кызыгууну биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелерине келтирилүүчү тескери жана локалдуу эмес четтик маселелердин класстары жаратат.

Биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелер теориясы, аларды сандык чыгаруу маселеси жылмакай болгон, же ар кандай өзгөчөлүккөө ээ болгон $K(x,t)$ ядросунун диагоналдын бир да чекитинде нолго айланбаган учурлары, же болбосо ядро диагоналда теңдеш нолго барабар болуп, ал эми x боюнча туундусу диагоналдын бир да чекитинде нолго айланбаган учурлары үчүн толук изилденген. Бул шарттар бузулганда мындай теңдемелерди изилдөөдө регулярдоо ыкмалары эффективдүү боло алышат.

Корректүү эмес маселелерди регулярдоо теориясынын өнүгүшү А.Н. Тихонов (1963, 1986), В.К. Иванов (1983), М.М. Лаврентьев (1932) тарабынан башталып, В.А. Морозов (1982), В.П. Танана (1978, 1982), А.Г. Ягола (1983, 1990), А.В. Бакушинский (1968) жана башкалардын эмгектеринде уланган. Биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелерин регулярдоо теориясына М.М. Лаврентьев (1932), М.И. Иманалиев (1978- 2018), В.О. Сергеев (1971), А.М. Денисов (1975, 1980, 1999),(1972, 1978), А.Л. Бухгейм (1972, 1978), А. Асанов (1979- 2015), Я. Янно (1987), Т.Д. Омуров (1998, 2003, 2006), Н.А. Магницкий (1979) жана башка математиктер зор салым кошкон.

В.О. Сергеев (1971) эмгектеринде биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемесин $K(x,t)$ ядросу $n-1$ -чи тартиптеги x боюнча туундулары менен кошо диагоналдын чекиттеринде нолго теңдеш барабар болуп, ал эми x боюнча n-чи туундусу диагоналда бирге барабар болгон учуру үчүн регулярдоо ыкмасын иштеп чыккан. А.М. Денисов (1994) регулярдоо ыкмасы менен биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемесинин бош функциясы болжолдуу берилген учурун изилдеген. Н.А. Магницкий (1975) биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемесинин ядросу диагоналда берилген интервалдын акыркы чекитинде чектүү тартипте нолго айланган учурун караган. Я. Янно (1987) мурастык чөйрөдөгү тескери маселеден келип чыккан биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемеси үчүн вольтердик касиетин сактаган регулярдоо ыкмасын сунуштаган. А.Асанов (1979- 2015) $K(x,t)$ ядросу t боюнча суммалануучу жана диагонал чекиттеринде чектүү, санактуу жолу нолго айланган биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемесин изилдеген. Мында үзгүлтүксүз функциалар жана суммалануучу функциялар мейкиндигинде регулярдоо оператору түзүлгөн. Интервалда нолго барабар эмес бош функциялуу биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемесин М.И. Иманалиев (1978-2010) жана Т.Д. Омуров (1999) изилдешкен.

Биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелерин сандык чыгаруу жолдору А.С. Апарцин (1976), М.В.Булатов (2002), Тен Мен Ян (1975-1992), H.Brunner (1977-1996), P. Linz (1969-1971) жана башкалардын эмгектеринде каралган.

Ошону менен катар диагоналдын чекиттеринде нолго айлануучу үзгүлтүксүз ядролуу биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелерин үзгүлтүксүз функциялар мейкиндигинде регулярдоо жана сандык чыгаруу маселелери али изилденген эмес. Мындай теңдемелердин көп сандаган колдонмо мүнөзгө ээ болгондугу диссетацияда изилденип жаткан маселенин актуалдуулугун айгинелеп турат.

Изилдөөнүн максаты жана маселелери. Биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелерин жана алардын системаларын регулярдаштыруу, чыгарылышынын жалгыздыгын камсыздаган шарттарды изилдөө, сандык чыгаруу ыкмаларын иштеп чыгуу жана негиздөө**.**

Изилдөөнүн ыкмалары. Колдонулган негизги ыкмалар – регулярдаштыруу ыкмалары, удаалаш жакындоо ыкмаласы, квадратуралык формулалар ыкмасы, математикалык жана функционалдык анализдин элементтери.

Илимий иштин жаңылыгы.

- биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелерин регулярдаштыруу ыкмасы түзүлүп, негизделген жана чыгарылыштын жалгыздыгын камсыдаган шарттар аныкталган;
- биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелеринин системасын регулярдаштыруу ыкмасы негизделген;
- биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелеринин сандык чыгаруу ыкмасы иштелип чыккан жана негизделген;
- эки көз карандысыз өзгөрүлмөлүү биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелерин регулярдоо оператору түзүлгөн, регулярдалган чыгарылыштын так чыгарылышка бир калыпта жыйналуусу далилденген.

Теориялык жана практикалык баалуулугу. Диссертациялык иш теориялык мүнөзгө ээ жана жыйынтыктары жеке туундулуу дифференциалдык теңдемелер үчүн локалдуу эмес четтик маселелерди**,** тескери маселеледи изилдөөдө, гидрофизикада, механикада жана серпилүү теориясында келип чыккан биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык тендемелеринин сандык чыгарууда колдонсо болот.

Изилдөөчүнүн жеке салымы. Биргелешип жарыялаган эмгектерде маселелердин коюлушу илимий жетекчиге, ал эми негизги теоремалардын далилдөөсү жана илимий жыйынтыктар авторго тиешелүү.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы. Диссертациянын негизги жыйынтыктары төмөндөгү илимий конференцияларда баяндалган жана талкууланган:

– «Естественные и математические науки в современном мире», XLIV-чү эл аралык илимий-практикалык конференция, Новосибирск, 2016;

– «European Restarch» III-чү эл аралык илимий-практикалык конференция, Пенза, 2016;

– «World and science: problems And innovations», IV-чү эл аралык илимий-практикалык конференция, Пенза, 2016;

– International scientific-practical conference «Integration of the scientific community to the global challenges of our time», Sharm el-Sheikh, Arab Republic of Egypt, 2017;

– II-чи Борубаевдик окуу, Бишкек, 2018.

Диссертациянын темасы боюнча басылмалар. Диссертациялык иштин негизги жыйынтыктары 11 илимий макалада жарыяланган [1]-[11], алардын ичинен Кыргыз Республикасынын журналдарында – 5 макала, чет элдик журналдарда – 6 макала. Биргелешип жарыялаган маклаларда маселеленин коюлушу илимий жетекчиге, баалолор жана негизги илимий жыйынтыктар авторго тиешелүү.

Диссертациянын структкрасы жана көлөмү. Диссертация математикалык жазылыштардын кыскача шарттуу белгилөөлөрүнүн тизмесинен, киршүүдөн, беш главадан, корутундулардан турат. Колдонулуучу булактардын тизмесиндеги булактардын саны 76. Диссертациянын жалпы көлөмү 135 бетти түзөт.

Диссертация темасынын илимий жайлардын илим-изилдөө иштери менен байланышы. Диссертациялык изилдөө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин “маалыматтык технологиялар жана программалоо” кафедрасында бекитилген «Интегралдык теңдемелерди болжолдуу чыгаруу ыкмалары» темасынын алкагында жүргүзүлгөн.

ИШТИН КЫСКАЧА МАЗМУНУ

Биринчи главада диссертациянын темасы боюнча кыскача обзор баяндалат жана изилдөө учурунда биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелерине келтирилүүчү жеке туундулуу дифференциалдык теңдемелер үчүн локалдуу эмес четтик маселелердин, тескери маселеледин коюлушу каралган.

Экинчи главада изилдөөлөрдүн обьектиси жана предмети, диссетацияда колдонулуучу негизги изилдөө методдору келтирилген.

Үчүнчү главада белгилүү функциялары жылмакай болгон жана ядросу диагоналда кесиндинин башкы чекитинде нолго айлануучу биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелерин регулярдоо маселери, чыгарылышынын жалгыздыгын камсыздаган шарттар изилденет. Алынган жыйынтыктар эки көз карандысыз өзгөрүлмөлүү биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелерине жайылтылат.

§3.1де сызыктуу биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелери

$$\int_0^x K(x,t)u(t)dt = g(x), \qquad (1)$$

изилденет. Мында $g(x)$ жана $K(x,t)$ белгилүү функциялары төмөнкү шарттарды канааттандырат:

I) $K(x,t) \in C^{1,0}(D), D = \{(x,t)/0 \le t \le x \le b\},\ g(x) \in C^1\,[0,b]$;

II) $k(x) = K(x,x)|_{x=0} = 0,\ 0 < k(x)\ \forall x \in (0,b],\ k(x) -$ кемибөөчү функция, $g^{(i)}(0) = 0, i = 0,1$;

III) $G(x) \ge d_1 > 0,\ G(x) = L(x,x) + C_1 g(x),\ L(x,t) = C_2 K(x,t) + K_x(x,t),$ $0 < C_1, C_2, d_1 = const.$

I – теңдеш операторунун, D –x боюнча дифференцирлөө операторунун жана $(Tv)(x) = \int_0^x u(t)v(t)dt$ – интегралдык операторунун негизинде $C_2 I + D + C_1 T$ оператору менен (1) теңдемесине амал аткарып, үчүнчү түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемесине ээ болобуз

$$k(x)u(x) + \int_0^x G(t)u(t)dt = -\int_0^x [L(x,t) - L(t,t)]u(t)dt +$$
$$+C_1 \int_0^x u(t)dt \int_t^x K(s,t)u(s)ds + f(x), \qquad (2)$$

$f(x) = C_2 g(x) + g'(x).$

(2) теңдемеси үчүн регулярдоо теңдемесин төмөнкү түрдө түзөбүз

$$\big(\varepsilon + k(x)\big)u_\varepsilon(x) + \int_0^x G(t)\,u_\varepsilon(t)dt = -\int_0^x [L(x,t) - L(t,t)]\,u_\varepsilon(t)dt\ +$$
$$+C_1 \int_0^x u_\varepsilon(t)dt \int_t^x K(s,t)\,u_\varepsilon(s)ds + \varepsilon u(0) + f(x), \qquad (3)$$

мында ε кичи параметр, (0,1)интервалында жатат.

$\left(-\frac{G(t)}{\varepsilon + k(x)}\right)$ ядросунун резольвентасын колдонуп, (3) теңдемесин төмөнкү түргө келтиребиз

$$u_\varepsilon(x) = -\frac{1}{\varepsilon + k(x)} \int_0^x exp\left(-\int_t^x \frac{G(s)}{\varepsilon + k(s)}ds\right) \frac{G(t)}{\varepsilon + k(t)} \times$$
$$\times \Bigg\{ \int_0^x [L(x,s) - L(s,s)]u_\varepsilon(s)ds - \int_0^t [L(t,s) - L(s,s)]u_\varepsilon(s)ds + f(t) -$$
$$f(x) + C_1 \int_0^t u_\varepsilon(s)ds \int_s^t K(\nu,s)\,u_\varepsilon(\nu)d\nu - C_1 \int_0^x u_\varepsilon(s)ds \int_s^x K(\nu,s)\,u_\varepsilon(\nu)d\nu \Bigg\} dt$$

$$+\frac{1}{\varepsilon+k(x)}exp\left(-\int_0^x \frac{G(s)}{\varepsilon+k(s)}ds\right)\left\{-\int_0^x [L(x,t)-L(t,t)]\,u_\varepsilon(t)dt+\right.$$

$$\left.+C_1\int_0^x u_\varepsilon(t)dt\int_t^x K(s,t)\,u_\varepsilon(s)ds+\varepsilon u(0)+f(x)\right\}. \tag{4}$$

Төмөнкү теоремалар далилденген.

Теорема 1. *I*) - *III*) шарттары аткарылсын, $q_1<1$ жана (1) теңдемеси чыгарылышка ээ болсун: $u(x)\in C[0,b]$. Анда, $\varepsilon\to 0$ умтулганда (4) теңдемесинин чыгарылышы (1) теңдемесинин чыгарылышына бир калыпта жыйналат жна төмөнкү барабарсыздык орун алат

$$\|u_\varepsilon(x)-u(x)\|_{C[0,b]}\le(1-q_1)^{-1}\left(4(d_1e)^{-1}\varepsilon^{1-\beta}\|u(x)\|_{C[0,b]}+\omega_u\left(\varepsilon^\beta\right)\right),$$

где $\omega_u\left(\varepsilon^\beta\right)=\sup\limits_{|x-t|\le\varepsilon^\beta}|u(x)-u(t)|,\quad 0<\beta<1,$

$q_1=b[L_2+C_2L_1+2C_1Mr](2+e^{-1}){d_1}^{-1},\quad M=\max\limits_D|K(x,t)|,\ |u(x)|\le r,$ $L_1=\max\limits_D|K_x(x,t)|,\ 0<L_2-\ x$ аргументи боюнча $K_x(x,t)$ функциясынын Липшица коэффициенти.

Теорема 2. *I*) - *III*) шарттары аткарылсын, $q_1<1$ жана (1) теңдемеси чыгарылышка ээ болсун: $u(x)\in C^\gamma[0,b],\quad 0<\gamma\le 1$. Анда, $\varepsilon\to 0$ умтулганда (4) теңдемесинин чыгарылышы (1) теңдемесинин чыгарылышына бир калыпта жыйналат жана төмөнкү барабарсыздык орун алат

$$\|u_\varepsilon(x)-u(x)\|_{C[0,b]}\le(1-q_1)^{-1}M_0\varepsilon^\gamma,$$

где $M_0=d_1^{-\gamma}M_1\left(d_2\max\limits_{x\in[0,b]}|G(x)|+d_3\right), d_2=\int_0^\infty\tau^\gamma e^{-\tau}d\tau, d_3=\sup\limits_{\tau\ge0}(\tau^\gamma e^{-\tau}).$

Натыйжа 1. Теорема 1дин шарттарында (1) теңдемесинин чыгарылышы $\Omega(u_0,\ r_0)$ шарында жалгыз болот.

Натыйжа 2. Теорема 2нин шарттарында (1) теңдемесинин чыгарылышы $\Omega^\gamma(u_0,\ r_0), 0<\gamma\le 1$ шарында жалгыз болот.

Мында $\Omega(u_0,\ r_0)=\{\,u(x)\in C[0,b]:|u(x)-u_0|\le r_0,\ 0<u_0,\ r_0=const\}$,
$\Omega^\gamma(u_0,\ r_0)=\{u(x)\in\Omega[0,b]:|u(x)-u(t)|\le M_0|x-t|^\gamma, 0<\gamma\le 1\}$.

Эскертүү 1. Эгерде $G_1(x)=K(x,x)+C_2K_x(x,t)\ge d_1$ болса, анда натыйжа 1 жана натыйжа 2нин ырастоолору, тийиштүү түрдө, жалпы $C[0,b]$ жана $C^\gamma[0,b],\ 0<\gamma\le 1$ мейкиндиктеринде орун алат.

§ 3.2 де сызыктуу эмес биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелери

$$\int_0^x N_0\big(x,t,u(t)\big)dt\ =g(x) \tag{5}$$

каралат. Мында $N_0\big(x,t,u(t)\big)=K(x,t)u(t)+\ N\big(x,t,u(t)\big)$. Белгилүү $K(x,t)$, $g(x)$ функциялары *I*)-*III*) шарттарын канааттандырат, ал эми $N\big(x,t,u(t)\big)$ функциясы үчүн төмөнкү шарттар аткарылат:

IV) $N(x,t,u)\in C^{1,0,1}\ (D\times R^1)$, $M_0(x,t,u)\in C^{0,0,1}\ (D\times R^1)$, $M_0\big(x,t,u(t)\big)=$ $=\mathrm{C}_2N\big(x,t,u(t)\big)+N_x\big(x,t,u(t)\big)$, бардык $0<L_N=const, x>t$, $(x,s),(t,s)\in D$, $(x,s,u),(x,s,w),(t,s,w),(t,s,u)\in D\times R^1$ үчүн төмөнкү барабарсыздык орун алат

$$|M_0(x,s,u)-M_0(x,s,w)-M_0(t,s,w)+M_0(t,s,u)|\le L_N(x-t)|u-w|.$$

C_2I+D+C_1T оператору менен (5) теңдемесине амал жүргүзүп үчүнчү түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемесине ээ болобуз

$$k(x)u(x)+\int_0^x G(t)u(t)dt=\int_0^x M\big(x,t,u(t)\big)dt+C_1$$

$$\int_0^x u(t)dt\int_t^x K(s,t)u(s)ds+C_1\int_0^x\int_t^x N\big(s,t,u(t)\big)u(s)ds\,dt+f(x),\quad (6)$$

мында $M\big(x,t,u(t)\big)=-M_0\big(x,t,u(t)\big)+\big(L(t,t)-L(x,t)\big)u(t)$, $f(x)=C_2g(x)+g'(x)$. (6) теңдемесин регулярдоо төмөнкү түрдө түзөбүз

$$\big(\varepsilon+\mathrm{k}(x)\big)u_\varepsilon(x)+\int_0^x G(t)\,u_\varepsilon(t)dt=\int_0^x M\big(x,t,u_\varepsilon(t)\big)dt+C_1\int_0^x u_\varepsilon(t)dt$$

$$\times\int_t^x K(s,t)\,u_\varepsilon(s)ds+C_1\int_0^x\int_t^x N\big(s,t,u_\varepsilon(t)\big)u_\varepsilon(s)ds\,dt+\varepsilon u(0)+f(x),\quad (7)$$

ε кичи параметр, (0,1) интервалында жатат.

Бул параграфта (7) теңдемесинин чыгарылышы $\varepsilon\to 0$ умтулганда (6) теңдемесинин чыгарылышына бир калыпта жыйналуусу далилденген жана регулярдалган чыгарылыштын так чыгарылыштан четтөөсүн баалаган барабарсыздык алынган.

$q=q_1+q_2$, $q_2=\big[b(L_N+C_1M_N)+\big(K_N+bC_1(M_N+rK_N)\big)(1+e^{-1})\big]d_1^{-1}$, $M_N=\max\limits_{D\times R^1}\big|N\big(x,t,u_\varepsilon(t)\big)\big|$, $K_N=\max\limits_{D\times R^1}\big|M_{0u}\big(x,t,u_\varepsilon(t)\big)\big|$, , q_1 – чоңдугу § 2.1да аныкталган (теорема 1ди кара), белгилөөлөрүн кабыл алып төмөнкү теоремалар далилденген.

Теорема 3. *I*)-*IV*), $q<1$ шарттары орун алып, (5) теңдемеси $u(x)\in C[0,b]$ чыгарылышына ээ болсун. Анда $\varepsilon\to 0$ умтулганда (7) теңдемесинин чыгарылышы (6) теңдемесинин чыгарылышына бир калыпта жыйналат жана төмөнкү барабарсыздык орун алат

$$\|u_\varepsilon(x)-u(x)\|_{\mathrm{C}[0,b]}\le(1-q)^{-1}\Big(4(d_1e)^{-1}\varepsilon^{1-\beta}\|u(x)\|_{\mathrm{C}[0,b]}+\omega_u\big(\varepsilon^\beta\big)\Big),$$

$$\omega_u\big(\varepsilon^\beta\big)=\sup_{|x-t|\le\varepsilon^\beta}|u(x)-u(t)|,\qquad 0<\beta<1.$$

Натыйжа 3. Теорема 3түн шарттарында (5) теңдемесинин чыгарылышы $\Omega(u_0,\ r_0)$ шарында жалгыз болот.

Теорема 4. Эгерде *I*)-*IV*), $q < 1$ шарттары орун алып, (5) теңдемеси чыгарылышка $u(x) \in \mathrm{C}^{\gamma}[0, b]$, $0 < \gamma \leq 1$, ээ болсо, анда $\varepsilon \to 0$ умтулганда (7) теңдемесинин чыгарылышы (6) теңдемесинин чыгарылышына бир калыпта жыйналат жана

$$\|u_\varepsilon(x) - u(x)\|_{\mathrm{C}[0,b]} \leq (1-q)^{-1} M_2 \varepsilon^{\gamma}, 0 < M_2 = const.$$

Натыйжа 4. Теорема 4түн шарттарында (5) теңдемесинин чыгарылышы $\Omega^{\gamma}(u_0, r_0)$, $0 < \gamma \leq 1$ шарында жалгыз болот.

Эскертүү 2. Эгерде $G_1(x) \geq d_1 > 0$ $M_0(x, x, u) = 0$, $M_0(x, t, 0) = 0$, шарттары орун алса, $G_1(x) = K(x, x) + C_2 K_x(x, t)$, $0 < C_2, d_1 = const$, анда (5) жана (7) теңдемелери үчүн $C_1 = 0$ учурунда теорема 3, 4 аткарылат, ал эми натыйжа 3,4 бардык $\mathrm{C}[0, b]$ жана $\mathrm{C}^{\gamma}[0, b]$, $0 < \gamma \leq 1$ мейкиндигинде орун алат.

§ 3.3дө жогоруда келтирилген жыйынтыктар эки көз карандысыз өзгөрүлмөлүү биринчи түрдөгү Вольтерранын сызыктуу интегралдык теңдемелерине жайылтылат.

$$\int_0^x K(x, z, s) u(s, z) ds + \int_0^x \int_0^z Q_0(x, z, s, \tau) u(s, \tau) d\tau ds = g(x, z), \quad (8)$$

теңдемесинде белгилүү $K(x, z, s)$, $Q_0(x, z, s, \tau)$, $g(x, z)$ функциялары төмөнкү шарттарды канааттандырат:

V) $K(x, z, s) \in C^{1,0,0}(D_0)$, $D_0 = \{(x, z, s)/0 \leq s \leq x \leq b, 0 \leq z \leq a\}$,
$g(x, z) \in C^{1,0}(D), D = [0, b] \times [0, a], g^{(i)}(0, z) = 0, i = 0.1,$ $k(0, z) = 0$,
$k(x, z) = K(x, z, x) -$ x боюнча D областында кемибөөчү функция;
$Q_0(x, z, s, \tau) \in C^{1,0,0,0}(D_1), D_1 = \{(x, z, s, \tau)/ \ 0 \leq s \leq x \leq b, 0 \leq \tau \leq z \leq a\}$;
$G(x, z) \geq d_1$, $G(x, z) = L(x, z, x) + C_1 g(x, z)$, $0 < C_1, C_2, d_1 = const$,
$L(x, z, s) = C_2 K(x, z, s) + K_x(x, z, s)$.

Жогорудагыдай эле $C_2 I + D + C_1 T$ оператору менен (8) теңдемесине амал жүргүзүп үчүнчү түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемесине ээ болобуз

$$k(x, z) u(x, z) + \int_0^x G(s, z) u(s, z) ds = \int_0^x [L(s, z, s) - L(x, z, s)] u(s, z) ds +$$
$$+ \int_0^x \int_0^z Q(x, z, s, \tau)\, u(s, \tau) d\tau ds + C_1 \int_0^x u(s, z) ds \int_s^x K(\nu, z, s) u(\nu, z) d\nu +$$
$$+ C_1 \int_0^x \int_0^z u(s, \tau) d\tau ds \int_s^x Q_0(\nu, z, s, \tau) u(\nu, z) d\nu + f(x, z), \quad (9)$$

$Q(x, z, s, \tau) = -C_2 Q_0(x, z, s, \tau) - Q_{0x}(x, z, s, \tau)$, $f(x, z) = C_2 g(x, z) + g_x(x, z)$.
Кичи $\varepsilon \in (0,1)$ параметрлүү

$$(\varepsilon + \mathrm{k}(x, z)) u_\varepsilon(x, z) + \int_0^x G(s, z)\, u_\varepsilon(s, z) ds = \int_0^x [L(s, z, s) - L(x, z, s)]$$

$$\times u_\varepsilon(s,z)ds + \int_0^x \int_0^z Q(x,z,s,\tau)u_\varepsilon(s,\tau)d\tau ds + C_1 \int_0^x u_\varepsilon(s,z)ds \times$$
$$\times \int_s^x K(\nu,z,s)\, u_\varepsilon(\nu,z)d\nu + C_1 \int_0^x \int_0^z u_\varepsilon(s,\tau)d\tau ds$$
$$\times \int_s^x Q_0(\nu,z,s,\tau)u_\varepsilon(\nu,z)d\nu + \varepsilon u(0,z) + f(x,z). \qquad (10)$$

теңдемеси үчүн төмөнкү теоремалар далилденди.

Теорема 5. V) шарты аткарылып, $q < 1$ жана (8) теңдемеси чыгарылышка $u(x,z) \in C(D)$ ээ болсун дейли. Анда, (10) теңдемесинин чыгарылышы $\varepsilon \to 0$ умтулганда (8) теңдемесинин чыгарылышына бир калыпта жыйналат жана төмөнкү барабарсыздык орун алат

$$\|u_\varepsilon(x,z) - u(x,z)\|_{C(D)} \le \left(4(d_1 e)^{-1}\varepsilon^{1-\beta}\|u(x,z)\|_{C(D)} + \omega_u\left(\varepsilon^\beta\right)\right)/(1-q).$$

мында $q = q_1 + b(q_2 + q_3 a), q_3 = \left(L_Q + 2M_{Q1}r(1+e^{-1})\right)d_1^{-1}$.

$q_1 = 2C_1 rb\left(aM_Q + M_K\right)d_1^{-1} + aM_{Q1}(1+e^{-1})d_1^{-1}$, $M_Q = \max_{D_1}|Q(x,z,s,\tau)|$,

$q_2 = \left((L_1 + C_2 L_2)(2+e^{-1}) + 2C_1 r M_K(1+e^{-1})\right)d_1^{-1}$, $M_K = \max_{D}|K(x,z,s)|$

$0 < L_2 = Lip(K(x,z,s)|x)$, $\quad 0 < L_1 = Lip(K_x(x,z,s)|x)$,

$0 < L_Q = Lip(Q(x,z,s,\tau)|x)$, $M_{Q1} = \max_{D_1}|Q_0(x,z,s,\tau)|$.

Теорема 6. V) шарты аткарылып, $q < 1$ жана (8) теңдемеси чыгарылышка $u(x,z) \in C^\gamma(D)$, $0 < \gamma \le 1$ ээ болсун дейли. Анда, (10) теңдемесинин чыгарылышы $\varepsilon \to 0$ умтулганда (8) теңдемесинин чыгарылышына бир калыпта жыйналат жана

$$\|u_\varepsilon(x,z) - u(x,z)\|_{C(D)} \le (1-q)^{-1}C_3\varepsilon^\gamma, \qquad 0 < C_3 = const.$$

Натыйжа 5. Теоремы 3түн шарттарында (8) теңдемесинин чыгарылышы $\Omega(u_0, r_0)$ шарында жалгыз болот.

Натыйжа 6. Теоремы 4түн шарттарында (8) теңдемесинин чыгарылышы $\Omega^\gamma(u_0, r_0)$, $\;0 < \gamma \le 1$ шарында жалгыз болот.

§ 3.4тө эки көз карандысыз өзгөрүлмөлүү биринчи түрдөгү сызыктуу эмес Вольтерранын интегралдык теңдемелери изилденет. Регулярдоо оператору түзүлгөн жана регулярданган чыгарылыштын так чыгарылышка бир калыпта жыйналуусу далилденген, чыгарылыштын $\Omega(D)$ жана $\Omega^\gamma(D)$, $0 < \gamma \le 1$ шарларында жалгыздыгын камсыздаган шарттар аныкталган.

$$\int_0^x K_0\big(x,z,s,u(s,z)\big)ds + \int_0^x \int_0^z N\big(x,z,s,\tau,u(s,\tau)\big)d\tau ds = g(x,z), \qquad (11)$$

мында $K_0\big(x,z,s,u(s,z)\big) = K(x,z,s)u(s,z) + K_1\big(x,z,s,u(s,z)\big)$ жана беилген $K(x,z,s), g(x,z)$ функциялары V) шартын канааттандырат, ал эми

$N\big(x,z,s,\tau,u(s,\tau)\big), K_1\big(x,z,s,u(s,z)\big)$ функциялары төмөнкү шарттарда каралат:

VI) $N(x,z,s,\tau,u)\in C^{1,0,0,0,1}(D_2), N_{\,x}(x,z,s,\tau,u)\in C^{0,0,0,0,1}(D_2), D_2=D_1\times R^1$,
$K_1(x,z,s,u)\in C^{1,0,0,1}(D_2), D_1=\{(x,z,s,\tau)/\ 0\le s\le x\le b, 0\le\tau\le z\le a\}$;
$|K_2(x,z,s,u)-K_2(x,z,s,\omega)-K_2(y,z,s,u)+K_2(y,z,s,\omega)|\le$
$\le L_{K1}(x-y)|u-\omega|,\qquad y\le x,\qquad (x,y)\in[0,b],\qquad 0<L_{\text{K1}}=const,$
$|N_1(x,z,s,\tau,u)-N_1(x,z,s,\tau,\omega)-N_1(y,z,s,\tau,u)+N_1(y,z,s,\tau,\omega)|\le$
$\le L_N(x-y)|u-\omega|,\qquad y<x,\qquad (x,y)\in[0,b],\qquad 0<L_{\text{N}}=const,$
$N_1\big(x,z,s,\tau,u(s,\tau)\big)=-C_2N\big(x,z,s,\tau,u(s,\tau)\big)-N_x\big(x,z,s,\tau,u(s,\tau)\big)$,
$K_2\big(x,z,s,u(s,z)\big)=-C_2K_1\big(x,z,s,u(s,z)\big)-K_{1x}\big(x,z,s,u(s,z)\big)$.

Оператор C_2I+D+C_1T менен амал жүргүзүп (11) теңдемесинен төмөнкү теңдемеге ээ болобуз

$$k(x,z)u(x,z)+\int_0^x G(s,z)u(s,z)ds=\int_0^x K_3\big(x,z,s,u(s,z)\big)ds+$$

$$+\int_0^x\int_0^z N_1\big(x,z,s,\tau,u(s,\tau)\big)\,d\tau ds+C_1\int_0^x u(s,z)ds\int_s^x K_0\big(\nu,z,s,u(\nu,z)\big)d\nu+$$

$$+C_1\int_0^x\int_0^z\int_s^x N\big(\nu,z,s,\tau\,,u(s,z)\big)\,u(\nu,\tau)d\nu d\tau ds+f(x,z),\qquad(12)$$

мында $K_3\big(x,z,s,u(s,z)\big)=K_2\big(x,z,s,u(s,z)\big)+[L(s,z,s)-L(x,z,s)]u(s,z)$, $f(x,z)=\ C_2g(x,z)+g_x(x,z)$.

Кичи параметрлүү $\varepsilon\in(0,1)$ төмөнкү теңдемени карайбыз.

$$\big(\varepsilon+k(x,z)\big)u_\varepsilon(x,z)+\int_0^x G(s,z)\,u_\varepsilon(s,z)ds=\int_0^x K_3\big(x,z,s,u_\varepsilon(s,z)\big)ds+$$

$$+\int_0^x\int_0^z N_1\big(x,z,s,\tau,u_\varepsilon(s,\tau)\big)d\tau ds+C_1\int_0^x u_\varepsilon(s,z)ds\int_s^x K_0\big(\nu,z,s,u_\varepsilon(\nu,z)\big)\,d\nu+$$

$$+C_1\int_0^x\int_0^z\int_s^x N\big(\nu,z,s,\tau,u_\varepsilon(s,\tau)\big)u_\varepsilon(\nu,z)d\nu d\tau ds+\varepsilon u(0,z)+f(x,z)\qquad(13)$$

$q=q_1+q_2, q_1=(L_{\text{K1}}+aL_N)bd_1^{-1}+C_1ab(M_{N1}r+M_N)(2+e^{-1})d_1^{-1}$,
$q_2=(ab(C_2M_{N1}+L_{N2})+2a(L_1+C_2L_2)+C_2M_{K1}+M_{K2})(1+e^{-1})d_1^{-1}$,

$$M_{N1}=\max_{D_2}|N_u(x,z,s,\tau,u)|,\ L_{N2}=\max_{D_2}|N_{xu}(x,z,s,\tau,u)|,$$

$$M_{K1}=\max_{D_1}|K_{1u}(x,z,s,u)|, M_{K2}=\max_{D_1}|K_{1xu}(x,z,s,u)|$$

белгилөөлөрүн кабыл алып, төмөнкү теоремалар далилденген.

Теорема 7. *V*)- *VI*), $q<1$ шарттары орун алып, (11) теңдемеси чыгарылышка $u(x,z)\in C(D)$ ээ болсун. Анда $\varepsilon\to 0$ умтулганда (13) теңдемесинин чыгарылышы (12) теңдемесинин чыгарылышына бир калыпта жыйналат жана

$$\|u_\varepsilon(x,z)-u(x,z)\|_{C(D)} \le \Big(4(d_1e)^{-1}\varepsilon^{1-\beta}\|u(x,z)\|_{C[0,b]}+\omega_u(\varepsilon^\beta)\Big)/(1-q).$$

Натыйжа 7. Теоремы 7нин шарттарында (11) теңдемесинин чыгарылышы $\Omega(u_0,\ r_0)$ шарында жалгыз болот.

Теорема 8. *V*)- *VI*), $q<1$ шарттары орун алып, (11) теңдемеси чыгарылышка $u(x,z)\in C^\gamma(D)$, $0<\gamma\le 1$ ээ болсун. Анда $\varepsilon\to 0$ умтулганда (13) теңдемесинин чыгарылышы (12) теңдемесинин чыгарылышына бир калыпта жыйналат жана

$$\|u_\varepsilon(x,z)-u(x,z)\|_{C(D)} \le C_2\varepsilon^\gamma/(1-q).$$

Натыйжа 8. Теоремы 7нинн шарттарында (11) теңдемесинин чыгарылышы в $\Omega^\gamma(u_0,\ r_0)$, $0<\gamma\le 1$ шарында жалгыз болот.

Төртүнчү главада биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелериин системалары изилденген. Алынган жыйынтыктар эки көз карандысыз өзгөрүлмөлүү биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелеринин системаларына жайылтылган.

§ 4.1де сызыктуу биринчи түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелеринин системасы каралат.

$$\int_0^x K(x,t)u(t)dt = g(x). \tag{14}$$

Белгисиз вектор–функция $u(x)\in C_n[0,b]$, ал эми белгилүү вектор–функция $g(x)$ жана $n\times n-$матрицалык функция $K(x,t)$ төмөнкү шарттарда каралат:

VII) $g(x)\in C_n^1[0,b]$, $g(x)=colon\big(g_1(x),\dots,g_n(x)\big)$, $g^{(i)}(0)=0, i=0,1$;
$K_{i,j}(x,t)\in C^{1,0}(D), D=\{(x,t)/\ 0\ \le t\le x\le b\}$, $i,j=\overline{1,n}$;
$detK(0,0)=0, \|K(x,x)\|\le c_0k(x), \|\cdot\|$ -матрицанын нормасы, $0<c_0=const$,
$[K(x,x)+K^*(x,x)]/2$ матрицасынын өздүк маанилери $k_i(x)$ $(i=\overline{1,n})$, $k(x)=\min\limits_{1\le i\le n} k_i(x)$, $K^*(x,x)$ матрицасы $K(x,x)$ матрицасына түйүндөш,
$k(0)=0, 0<k(x)\ \forall x\in(0,b]$, $k(x)$- кемибөөчү функция;
VIII) $G(x)=L(x,x)+C_1v(x)$, $L(x,t)=C_2K(x,t)+K_x(x,t)$,
$0<C_1,C_2=const$, $v(x)=diag\big(g_1(x),\dots,g_n(x)\big)$, $\|G(x)\|\le C_3\lambda(x)$,
$[G(x)+G^*(x)]/2$ матрицасынын өздүк маанилери $\lambda_i(x)$ $(i=\overline{1,n})$, $\lambda(x)=\min\limits_{1\le i\le n}\lambda_i(x)$, $G^*(x)$ матрицасы $G(x)$ матрицасына түйүндөш, $\lambda(x)\ge d_1$,
$0<d_1,C_3=const$; $[K^*(x,x)G(x)+G^*(x)K(x,x)]/2$ матрицасынын өздүк маанилери $h_i(x)$ $(i=\overline{1,n})$, $\min\limits_{1\le i\le n} h_i(x)\ge c_1k(x)\lambda(x)$, $0<c_1=const$.

I–бирдик матрица, D –*x* боюнча дифференцирлөө оператору, $(Tu)(x)=\int_0^x v(t)u(t)dt$, $v(x)=diag\big(g_1(x),\dots,g_n(x)\big)$ болсо, анда C_1T+C_2I+D оператору менен (11) системасына амал жүргүзүп үчүнчү түрдөгү Вольтерранын интегралдык теңдемелеринин системасына келебиз

$$K(x,x)u(x)+\int_0^x G(t)u(t)dt=-\int_0^x [L(x,t)-L(t,t)]u(t)dt+$$

$$+C_1\int_0^x\int_t^x (Bu)(s,t)u(t)dsdt+f(x), \quad (15)$$

где $(Bu)(s,t)=\left(K_{ij}(s,t)u_i(s)\right), \quad i,j=\overline{1,n}, \quad f(x)=C_2 g(x)+g'(x).$

Кичи параметрлүү $\varepsilon\in(0,1)$

$$\left(\varepsilon I+K(x,x)\right)u_\varepsilon(x)+\int_0^x G(t)\,u_\varepsilon(t)dt=-\int_0^x [L(x,t)-L(t,t)]\,u_\varepsilon(t)dt\;+$$

$$+C_1\int_0^x\int_t^x (Bu_\varepsilon)(s,t)u_\varepsilon(t)dsdt+\varepsilon u(0)+f(x) \quad (16)$$

системасын карайлы.

